DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2023

**ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР**
**ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**LEGAL SCIENCES**

*Коңур уулу Б., Исмаилов А.Э., Мурзаканов М.А.*

# СОТТУК ЭКСПЕРТИЗА ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА КЫЛМЫШ ИШТЕРИН ИЛИКТӨӨДӨ АНЫН ОРДУ

*Конур уулу Б., Исмаилов А.Э., Мурзаканов М.А.*

# ПОНЯТИЕ СУДЕБНОЙ ЭКСПЕРТИЗЫ И ЕЕ МЕСТО В РАССЛЕДОВАНИИ УГОЛОВНЫХ ДЕЛ

*Konur uulu B., A. Ismailov, M. Murzakanov*

# THE CONCEPT OF FORENSIC EXAMINATION AND ITS PLACE IN THE INVESTIGATION OF CRIMINAL CASES

*УДК: 343. 98.*

*Бул макалада соттук экспертизалар боюнча жалпы маалымат жана бул илимдин мааниси тууралында жазылды. Соттук экспертизанын өзгөчөлүктөрү тууралында жана соттук экспертизанын предмети жана объектилери жөнүндө түшүнүк берилди. Ошондой эле соттук экспертиза атайын билимдерди сотко чейин жана сот өндүрүшүндө колдонуунун негизги процессуалдык формасы экендиги тууралында айтылды. Тергөөчү, прокурор жана сот экспертизанын жардамында башка процессуалдык иш аракеттер менен алууга мүмкүн болбогон фактылык маалыматтарды, тактап айтканда далилдерди ала тургандыгы тууралында маалымдалды. Эксперттин көз карандысыздыгы жана анын көз карандысыздыгы өтө субъективдүү экендиги тууралында жазылды. Ошондой эле соттук экспертизаны дайындоо жана жүргүзүү иштери кайсыл мыйзамдардын негизинде жүргүзүлөөрү тууралында айтылган. Ал эми эксперт үчүн соттук экспертизаны жүргүзүүгө тергөөчүнүн, прокурордун токтому же соттун аныктамасы гана укуктук негиз боло алары баса белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *атайын билим, соттук экспертиза, кылмыш-жаз иштери, эксперттин корутундусу, экспертизанын предмети, экспертизанын объектилери.*

*В этой статье дана общая информация о судебной экспертизе и ее значении в науки. Даны представления об особенностях судебной экспертизы, о предмете и объектах судебной экспертизы. Также было отмечено, что судебная экспертиза является основной процессуальной формой применения специальных знаний в досудебном и судебном производстве. Сообщается, что следователь, прокурор и суд с помощью экспертизы получат фактические сведения, а именно доказательства, которые не могут быть получены другими процессуальными действиями. Было написано, что независимость эксперта и его независимость очень субъективны. Также было сказано о том, на основании каких законов осуществляется назначение и проведение судебной экспертизы. При этом подчеркивается, что для эксперта правовым основанием для проведения судебной экспертизы может быть только постановление следователя, прокурора или определение суда.*

***Ключевые слова:*** *специальное образование, судебная экспертиза, уголовное дело, заключение эксперта, предмет экспертизы, объекты экспертизы.*

*In this article, general information was written about forensic examination and the importance of this science. The ideas about the features of forensic examination and about the subject and objects of forensic examination are given. It was also noted that forensic examination is the main procedural form of applying special knowledge in pre-trial and judicial proceedings. It is reported that the investigator, the prosecutor and the court, with the help of expertise, will receive factual information, namely evidence that cannot be obtained by other procedural actions. It was written that the independence of an expert and his independence are very subjective. It was also said on the basis of which laws the appointment and conduct of a forensic examination is carried out. At the same time, it is emphasized that for an expert, the legal basis for conducting a forensic examination can only be a decision of an investigator, prosecutor or a court ruling.*

***Key words:*** *special education, forensic examination, criminal case, expert opinion, subject of the examination, objects of the examination.*

Бүгүнкү күндө эксперттик изилдөө иштери ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө жүргүзүлүп, алар жалпысынан соттук эмес жана соттук экспертизалар деп, шарттуу түрдө эки топко бөлүнөт. Соттук экспертизалардын жыйынтыгы сотко чейинки иликтөө иштеринде жана соттук териштирүү иштеринде негизги далилдердин бири катары колдонулат.

Соттук экспертиза деген түшүнүк – бул кылмыш-жаза жана жарандык иштердеги материалдарды илим, техника жана искусство чөйрөсүндөгү атайын билимдердин жардамында изилдөө менен иш үчүн мааниси бар фактылык маалыматтарды алуу дегенди түшүндүрөт [1].

Соттук экспертиза бул, кылмыш-жаза процессинде далилдерди табуунун өз алдынча жана өзгөчөлөнгөн процессуалдык формасы болуп саналат. Тактап айтканда, сот, прокурор тергөөчү тарабынан эксперттин алдына чечүү үчүн маселелерди коюуудан жана бул меселелерди чечүү үчүн эксперт тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп, андан кийин жазуу түрүндө корутунду берүүдөн турган процессуалдык иш аракет болуп саналат.

Ошондой эле соттук экспертизаны атайын билимдерди сотко чейин жана сот өндүрүшүндө колдонуунун негизги процессуалдык формасы деп, кароого да болот. Тергөөчү, прокурор жана сот соттук экспертизанын жардамында башка процессуалдык иш ара-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



кеттер менен алууга мүмкүн болбогон фактылык маалыматтарды, тактап айтканда далилдерди ала алат.

Аныкталган фактылык маалыматтардын негизинде эксперт жазуу түрүндө корутунду берет [2,3,4]. Мыйзамда каралгандай, эксперттин корутундусу далилдин бир булагы болуп саналат.

Соттук экспертиза соттук эмес экспертизадан төмөнкүдөй белгилери менен айрымаланат:

1) соттук экспертиза укук коргоо (сот, тергөөчү) органдары тарабынан дайындалган учурларда гана жүргүзүлөт.

2) соттук экспертизага материалдарды даярдоо, экспертизаны дайындоо жана аны өткөрүү иштери мыйзамдагы регламенттерди сактоо менен жүргүзүлөт, б.а. мыйзамда белгиленген тартипте гана жүргүзүлөт.

3) эксперттик изилдөө иштери илимдеги, техникадагы, искусстводогу жана кол өнөрчүлүктөгү атайын билимдерге негизделүү менен жүргүзүлөт.

4) изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча эксперт тарабынан далилдин булагы катары атайын статуска ээ болгон жазуу түрүндөгү корутунду берилет.

Эксперт көз карандысыз болуп саналат, анын корутундусу атайын билимдерди колдонуу менен жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына гана негизделет. Эксперттин колдонгон методдору илимий жактан негизделген болуш керек жана мыйзамдын бардык ченемдерине ылайык келүүгө тийиш. Эксперттин көз карандысыздыгы өтө субъективдүү экендигин белгилей кетүү керек. Анткени мамлекеттик соттук-эксперттик мекемелер тергөө, алгачкы текшерүү органдары сыяктуу эле бийлик органдарына баш ийет. Ал эми мамлекеттик эмес соттук-эксперттик мекемелердин көз карандысыздыгы экспертиза үчүн берилген гонорардын суммасына түздөн-түз көз каранды болушу мүмкүн.

Өз алдынча процессуалдык иш-аракет катары соттук экспертизаны дайындоо, жүргүзүү, процессуалдык жол-жоболоштуруу формалары өзүнчө айрымаланган өзгөчөлүктөргө ээ. Соттук экспертизанын дагы бир өзгөчөлүгү төргөөчү соттук экспертизаны дайындагандан кийин фактылык маалыматтарды эксперт өзү гана алат, тактап айтканда тергөөчү сурак жүргүзүүдө, тинтүүдө далилдерди түздөн-түз өзү алса, ал эми бул учурда эксперт гана алат.

Соттук экспертизалардын предмети – кылмыш-жаза жана жарандык иштердеги материалдарды илимдеги, техникадагы, искусстводогу же кол өнөрчүлүктөгү атайын билимдердин жардамында изилдөө менен аныкталган фактылык маалыматтар (иштин абалы) болуп саналат [5].

Соттук экспертизалардын ар бир уруусунун (род) жана конкреттүү түрүнүн өз өзүнчө предметтери бар. Соттук экспертизанын ар бир предмети изилденип жаткан фактыны аныктоо үчүн жана иштин абалын ар тараптан изилдөө үчүн керек болгон атайын билимдин булагын жана маңызын аныктайт. Ошондой эле экспертиза предмети экспертизанын бир түрүн экинчи түрүнөн айрымалоодо чечүүчү ролду ойнойт. Бирок соттук экспертизанын бир түрүн экинчисинен айрымалоо үчүн экспертиза предмети жападан жалгыз эле критерий боло албайт, б.а. соттук экспертизаларды предметтерине негизделип эле классификациялай албайбыз. Экспертиза предмети экспертизанын объектисинен дагы көз каранды болот.

Соттук экспертизанын объектилери деп, кылмыш-жаза жана жарандык процессуалдык мыйзамдар менен аныкталган маалымат булактарын, б.а. кылмыш ишинин материалдарын айтабыз. Мисалы, адам өлтүрүү боюнча кылмыш ишинде, кылмыш болгон жерден бычак жана өлгөн адамдын денеси табылган, мында экспертизанын объектиси бычак жана өлгөн адамдын денеси болот, ал эми экспертизанын предмети-каралуучу суроолор: куралдын параметрлери, бычактагы кандын таандыктыгы, андагы издер, бул курал менен жабыркоо мүмкүнчүлүгү ж.б. [6].

Соттук экспертизалардын кылмыш ишин иликтөөдөгү мааниси өтө чоң. Экспертизанын жардамында кылмыш иштерин иликтөөдө жана соттук териштирүүдө жаңы далилдер изделип табылат же алынган далилдер текшерип чыгылат. Соттук экспертизага көбүнчө чогултулган далилдерди текшерүү жана тактоо максатында кайрылышат. Ошондой эле экспертизанын жардамы менен себептик-натыйжалык байланыштар, фактылардын келип чыгышы, алардын пайда болуу механизми жана себептери такталат. Соттук экспертиза кубулуштардын жана болуп өткөн окуялардын (күйүү, тормоздоо ж.б.) келип чыгышын жана жүрүү убактысын аныктоого мүмкүндүк берет. Адамдардын, заттардын, буюмдардын окшоштугун, алардын топтук таандыктыгын аныктоо маселелерин чечүүнү камсыз кылат. Экспертизанын жардамы менен заттардын курамын аныктоого болот, экспертиза сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрдү аныктоого, юридикалык мааниге ээ болгон абалдарды жана фактыларды аныктоого мүмкүндүк берет. Соттук экспертизанын жардамында иликтенип жаткан окуяга туура юридикалык баа берүүгө болот. Соттук экспертизаларды жүргүзүү менен кылмыштардын алдын алууга да болот. Эксперттер кылмыштын келип чыгышына түзүлгөн шарттарды жана себептерди аныкташат.

Соттук экспертиза өзгөчө статуска ээ. Экспертизанын бул түрү укук коргоо органдары тарабынан гана дайындалат. Соттук экспертиза - белгилүү бир мыйзамдарды жана эрежелерди сактоо менен ишке ашырылуучу өзүнчө бир процессуалдык иш аракет болуп саналат. Кыргыз Республикасында соттук экспертизаны дайындоо жана жүргүзүү иштери КР Конституциясына, КР кылмыш-жаза процесс кодексине, КР жарандык процесс кодексине, КР Соттук-эксперттик иш жөнүндө мыйзамына, КР укук бузуулар жөнүндө мыйзамына, соттук экспертизаларды уюштурууну, дайындоону жана жүргүзүүнү регламенттөөчү

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



башка ченемдик укуктук актыларга, о.э. мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизделүү менен жүргүзүлөт. Ал эми эксперт үчүн соттук экспертизаны жүргүзүүгө жогоруда жазылган мыйзамдардагы процессуалдык талаптарды так сактоо менен даярдалган тергөөчүнүн, прокурордун токтому же соттун аныктамасы гана *укуктук негиз* боло алат. Бул мыйзамдарда соттук экспертизаны жүргүзүүгө катышкан жактардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери, соттук экспертизаны дайындоонун жана жүргүзүүнүн эрежелери ж.б. маселелер каралган.

Соттук экспертиза сотко чейинки териштирүү иштеринде да жана соттук териштирүү учурунда да дайындала берет. Мыйзамда соттук экспертиза кандай учурларда дайындалыш керек экендиги туурасында анык бир маалымат жазылган эмес. Ошондуктан соттук экспертизаны кандай учурларда дайындоо керек экендигин кылмыш ишин жетектеген тергөөчү, сот же прокурор өзү гана чечет. Ошондой эле мыйзамда соттук экспертизаны кайсыл убакта өткөрүш керек экендиги туурасында да так жазылган эмес. Демек, экспертизаны дайындоо убактысы да тергөөчү, сот же прокурор тарабынан шартка жараша аныкталат. Ошондуктан жогоруда аталган укук коргоо органдарынын кызматкерлери соттук экспертизаны дайындоо керек деп жыйынтык чыгарган учурларда ар дайым соттук экспертизаны дайындай алышат. Бирок соттук экспертизаны сөзсүз түрдө дайындоо керек болгон учурлар да бар. Тактап айтканда, соттук экспертизаны дайындоо жана өткөрүү иштери төмөнкү учурларда милдеттүү түрдө сөзсүз жүргүзүлүш керек:

• адам өлүмүнүн себебин аныктоо үчүн;

• ден-соолука келтирилген зыяндын мүнөзүн жана даражасын аныктоо үчүн;

• сот өндүрүшүндөгү шектүү же айыпталуучу адамдын акыл-эси туурасында күмөн пайда болгондо, анын психикалык жана физикалык абалдарын аныктоо үчүн;

• кылмыш иши боюнча мааниси бар жагдайларга жабырлануучунун, күбөнүн туура кабыл алуусуна жана көрсөтмө берүүсүнө шектенүү пайда болгондо, анын психикалык жана физикалык абалдарын аныктоо үчүн;

• эгерде шектүүнүн, айыпталуучунун жана жабырлануучунун жашын аныктоо иши кылмыш ишин иликтөөдө мааниге ээ болсо, бирок алардын жашын далилдеген документтер жок болуп калса же ал документтер шектенүүнү пайда кылса, анда алардын жашын аныктоо үчүн сөзсүз түрдө соттук экспертизаны дайындоо керек.

Соттук экспертизаны өткөрүү милдеттүү болгон учурларда да соттук экспертиза жүргүзүлбөй калса, анда кылмыш ишин иликтеп жаткан кызматкер эрежени олуттуу түрдө бузган болот. Ал эми мындай факт сот иши бүткөндөн кийин аныкталса, анда сот тарабынан чыгарылган өкүм бузулат жана кылмыш иши кайрадан каралууга жөнөтүлөт.

Эгерде камакта кармалбаган шектүүнү же айыпталуучуну медициналык же психиатриалык мекемеге мажбурлап жаткыруу менен соттук экспертиза жүргүзүү зарылчылыгы келип чыкса, анда мындай учурда шектүүнү же айыпталуучуну медициналык же психиатриялык мекемеге жаткырып, соттук экспертиза жүргүзүү иши тергөө судьясынын токтому боюнча же соттун аныктамасы менен гана жүргүзүлүш керек.

Стационардык абалда соттук экспертиза жүргүзүү адамдын эркиндигин жана укуктарын чектегендиктен, мындай түрдөгү соттук экспертизаны дайындоочу субъект КР кылмыш-жаза мыйзамдарын жана КР конституциясында каралган мыйзамдарды кылдаттык менен сакташ керек.

Кылмыш ишин козгоо токтому чыкканга чейин эле (тергөөгө чейин эле) процессуалдык иш катарында жүргүзүлгөн соттук экспертизанын жыйынтыгы кеңири чөйрөдөгү суроолорду чагылдырбаганы менен, **бирок тез жүргүзүлгөн экс**пертиза тергөөнүн каталарын алдын ала четтетүүнүн жетишерлик натыйжалуу ыкмасы болуп саналат жана жалпысынан ага зарыл болгон багытты бере алат. Көбүнчө соттук экспертизалар кылмыш ишин козгоо токтому чыкканга чейин эле же тергөө учурунда жүргүзүлөт. Себеби мисалы күбөлөрдүн жетиштүү субъективдүү көрсөтмөлөрүнөн айырмаланып, эксперттин атайын билиминин жардамы менен далил буюмдарды ыкчам изилдөө иши объективдүү мүнөздөгү далилдерди бере алат. Ошондуктан соттук териштирүүгө чейинки этаптардагы соттук экспертизалардын негизги максаты бул процесстин жүрүшүндө объективдүү далилдерди алуу болуп саналат.

Эксперттин корутундусу кылмыш-жаза мыйзамындагы далилдердин калган түрлөрүнөн олуттуу айырмачылыктарга ээ: ал тергөөчү, прокурор же судья тарабынан алууга мүмкүн болбогон маалыматты алып берет. Мындай маалыматты аныктоо тергөө жана сот органдары үчүн мурда жеткиликсиз же түшүнүксүз болгон жагдайларды аныктоого мүмкүндүк берген атайын билимдердин, методикалардын, техникалардын, жөндөмдөрдүн жардамы менен мүмкүн болот. Белгилей кетсек, мыйзамда эксперттин корутундусу далил катары кайрадан тергөөчү жана сот тарабынан бааланат. Анткени практикада эксперттердин шалакылыгы, корутундудагы тыянактардын атайылап бурмаланып жазылгандыгы себеп болгон [6].

Ошентип, соттук экспертиза кылмыш ишин иликтөөдө иштин туура чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон иш жүзүндөгү абалды жана жагдайларды аныктоо үчүн укук коргоо органдарынын тапшырмасы боюнча эксперттердин далил буюмдарды жана башка материалдарды изилдөөдөн турган маанилүү

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



процесстик иш-аракет болуп саналат. Мыйзамдарда соттук экспертизаларды дайындоо жана жүргүзүү иштери сотко чейинки жана соттук териштирүү учурларында жүргүзүүгө бирдей эле мүмкүнчүлүктөр берилгендигине карабастан, кылмыш иштерин иликтөөдө соттук экспертизалар негизинен сотко чейинки териштирүү этабында жүргүзүлөт. Ал эми бул болсо тергөөгө бир кыйла толук далилдүү маалыматтарды чогултууга жана тергөөнү туура багытта алып барууга мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Жогоруда жазылгандардын баары кылмыш ишин иликтөөдө тергөөчүгө, прокурорго жана сотко далилдерди процессуалдык жол менен алуунун бир формасы болгон соттук экспертизанын орду канчалык жогору экендигин билдирет.

**Адабияттар:**

1. Аверьянова Т.В. Судебная экспертиза. Курс общей теории. - М.: Изд. Норма, 2018.
2. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, 2021-жылдын 28-октябры №129, (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамы менен колдонуууга киргизилди), (КР 2022-жылдын 18-январындагы №4 Мыйзамынын редакциясына ылайык), 193-беренеси.
3. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик кодекси, 2017-жылдын 25-январы №14, (КР 2017-жылдын 20-январындагы №6 Мыйзамы менен 2017-жылдын 1-июлунан колдонууга киргизилет), (КР 2017-жылдын 25-июлундагы №141, 2019-жылдын 17-майындагы №63, 2020-жылдын 11-апрелиндеги №39, 2021-жылдын 23-мартындагы №41, 18-январындагы №4, 2022-жылдын 12-июлундагы №60, 2022-жылдын 12-июлундагы №63 Мыйзамдардын редакцияларына ылайык), 97-беренеси.
4. Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодекси, 2021-жылдын 28-октябры №128, (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилди), 22-беренеси.
5. Россинская Е.Р., Галяшина Е.И., Зинин А.М. Теория судебной экспертизы (Судебная экспертология). 2-е издание. - М.: Изд. Норма, 2016.
6. Кузнецов О.Г. Предмет, объект и задача судебной экспертизы // Вестник КРСУ. – Бишкек, 2008. Том 8. № 3. - С 126.
7. Ташмаматов А.А., Жусупбаев К.К., Мурзаканов М.А. Влияние отрасли внутренних дел на организацию-государственного управления. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. - №. 6. - С. 125-127.